# КОРОНАВИРУС

"Иммунитети алсыз адамга вирус жукса, жаңы инфекция мурунку ооруларды козгойт. Ал эми иммунитети күчтүү адам вирус жукпай деле калышы мүмкүн. Айрым вирустар тез жайылат, башкалары жай. Азыркы учурда жаңы коронавирус канчалык тез же жай жайылары аныктала элек",-дейт окумуштуу.

**Вирус кеңири жайылса эмне кылуу керек?**


Вирустардын жайылышын токтотууга дары-дармек жардам бербей калышы ыктымал. Ага карабастан "вируска каршы күрөшкөн каражаттар абдан көп", дейт Эндрю Истон.




Дем алуу органдарын сезгенткен Кытайдан табылган жаңы коронавирус инфекциясын жайылышын токтотуу жана алдын-алуу максатында көп өлкөлөр катаал чараларга барууда. Маселен, Орусия баш калаасы Москванын бийлиги "жогорку даярдык режимин" киргизди.

Коронавирус жайылып жаткан өлкөлөрдөн келгендер бийлик өкүлдөрүнө бул тууралуу кабарлап коюга жана өзүн "изоляцияда" кармоого милдеттендирилди. Бул сыяктуу чараларды бир катар өлкөлөр кабыл алды.




# Кытайдагы коронавирустун симптомдору




Булак: ДСУ


Вирус жаныбардан адамга жукканда, кишинин иммунитети аны менен күрөшө албай калат. Себеби иммунитет мурда мындай вирус менен күрөшүп көргөн эмес.


Дал ушундай абалга сасык тумоонун жаңы түрүнө туш болгон адам дагы кептелет.




Коронавирус 1918-1919-жылдары кеңири тарап, 50 миллионго чукул киши каза тапкан. Бул вирус канаттуулардан жукканы айтылат. Кытайда чыккан инфекция дал ушундай жагдайды жаратат деп айтууга эч кандай далил же негиз жок. Бир гана дарыгерлер алдын ала чараларды көрүүгө умтулууда.

# Вирус жуктуруп алдым деп шектенсеңиз, төмөндөгү белгилерди байкайсыз




**Коронавирус өтө тез жайылып кетиши мүмкүнбү?**

Вирус жаныбардан адамга жаңы жуккан кезде, ал тез жайылып кете албайт. Бирок жаңы организмге көнгөндөн кийин вирус тез жайылып, кооптуу жагдайды түзүшү ыктымал.



"Вирустар, анын ичинде коронавирус өтө тез мутацияланат",-дейт окумуштуу Эндрю Истон.

Ошондуктан вирус аз мөөнөттүн ичинде кеңири жайылышы мүмкүн.



Вирусту жайылтпоонун оңой жолдору бар. Маселен, үйгө киргенде колду самындап жуу, көчөдө медициналык маска тагынуу.



Учурда инфекцияга каршы вакцина жок болгондуктан, вирус менен күрөшүүдө гигиена абдан маанилүү ролду ойнойт", -дейт британиялык окумуштуу.

Андан тышкары вирусту жуктургандарга тез жардам берүү дагы маанилүү.



"Вирусту жуктургандарды тез аныктап, аларга жардам көрсөтүү дагы вирустун жайылышын алдын алат",-деди Эндрю Истон.

SARS менен MERS коронавирустар жайылганда, мындай инфекциялардын тарап кетишин токтотуу үчүн атайын механизмдер иштелип чыгарылган. Ошондуктан дүйнө жүзүндөгү дарыгерлер кооптуу вирус чыкканда кандай чараларды ишке ашыруу керек экенин так билишет.

Дем алуу органдарын сезгенткен Кытайдан табылган жаңы коронавирус инфекциясын жайылышын токтотуу жана алдын-алуу максатында көп өлкөлөр катаал чараларга барууда. Маселен, Орусия баш калаасы Москванын бийлиги "жогорку даярдык режимин" киргизди.

Коронавирус жайылып жаткан өлкөлөрдөн келгендер бийлик өкүлдөрүнө бул тууралуу кабарлап коюга жана өзүн "изоляцияда" кармоого милдеттендирилди. Бул сыяктуу чараларды бир катар өлкөлөр кабыл алды.

